# АДАМЗАТТЫН АЗЫГЫ



# КИТЕП

Усарова К.А.

# Адамзаттын азыгы китеп

Сабактын темасы: Адамзаттын азыгы китеп

Сабактын максаты:

Баладардын китеп окууга болгон кызыгуусун арттыруу. Китепти сүйүүгө, китептен таасир алууга үйрөтүү. Ак ниет, билимүү болууга тарбиялоо.

Сабактыш жабдылышы:

Ар түрдүү багыттагы китептер, ватман, маркерлер ж.б.

Сабактын жүрүшү:

Мугалим балдардан китептин пайда болуу тарыхы жөнүндө маалымат суроо менен сабакты баштайт. Кимдин кандай темадагы китептерди окугусу келерин, эң акыркы окуган китеби, андан алган таасирлери жөнүндө да маалымат алат.



# 23-апрель - китеп күнү



Эсиңиздеби, биринчи жолу мектеп партасына олтуруп, мугалимиңиз колуңузга “Алиппени” карматканы; кооз сүрөттөр жана байтааныш тамгалар; үйүңүзгө дегдендеп чуркап клип бардыгына мактанып, жетине албай турганыңыз?...

Китеп ар кыл маалыматтарды өзүнө камтып, эски менен жаңыны, улуу менен кичүүнү, эл менен элди бириктирүү касиетине эгедер. Китепти кеңешчи, ишенимдүү дос десе да болот. Шекспирдин трагедиялары, Сервантестин “Дон Кихоту”, Гетенин “Фаусту”, Пушкиндин поэзиясы “түбөлүктүү жандоочулар” деген наамга бекеринен арзыбаган чыгар. Ар бир муун өзүнө ачылыш жасап, жашоосунда кайра-кайра аларга кайрылып турат. Буга Нобель сыйлыгынын лауреаты Герман Гессе толугу менен кошулуп, кайра окууну чыгармачылык деп билип, адамдын рухний дүйнөсүн көтөрө турган сапатын жогору баалаган.

Ал эми араб жазуучусу Аббас Махмуд аль-Акад: “Бир сыйрадан эки китепти окуганына караганда, бир китепти эки сыйра окуп чыкканың терең жана маанилүү”, - деген. Бирок, кийинки учурда кайталап окуганды мындай кой, өмүрү колуна китеп кармап көрбөгөндөрдүн саны арбыды. 1995-жылы Парижде болуп өткөн ЮНЕСКОнун генералдык конференциясында ушул маселе козголуп, китептин баркын көтөрүү, адамзаттын маданий жагына социалдык жактан жетилүүсүнө салым кошкон адамдардын эмгегин баалоо максатында, 23-апрель “Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнү” деп кабыл алынган. Бул дата жңн эле тандалып алынган эмес, дал ушул күнү дүйнөлүк адабияттын дөө-шаарлары: Сервантес, Шекспир жана Инка Гарсиласо де ла Вега каз болгон; Морис Дрюон, Х. Лакснесс, Владимир Набоков, Мануэль Мехиа Вальехо сыяктуу атактуу акын-жазуучулар жарык дүйнөгө келишкен. Ал эми 2-апрелди- атактуу жомокчу Ханс Кристиан Андерсендин туулган күнүн дүйнө эли “Балдарга арналган китеп күнү” катары белгилешет.










Каба уулу Кожомкул
130


20 : 4 = 5
6 : 4 =







